Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук №_49_
«_29_»_08_2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
_____ Токтогулова У.А.
«_30_»_____2022 ж

## К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби-мекемесинин жалпы жүрүм- турум эрежелери жөнүндө
## ЖОБОСУ

1.1 Окуучулар мектепке сабак башталганга чейин 10 мүнөт мурун келишет: эркек балдар жана кыздар - бирдиктүү жалпы мектеп формасын кийишет,ал эми дене тарбия сабагына атайын спорттук кийимдерди кийишет;

1.2 Окуучулар мектептин мүлкүнө жана жеке окуу куралдарына этияттык менен мамиле кылышат.

1.3 мектепке жана мектептин территориясына окуучулардын спирт ичимдиктерди,наркотикалык заттарды,курал жарактарды,жарылуучу нерселерди ж.б уулуу заттарды алып келүүгө тыюу салынат.

1.4 окуучуларга педагогдордун уруксатысыз мектептен жана анын аймагынан сабак учурунда кетүүгө болбойт. Сабакты өткөрүп жиберген учурда окуучу класс жетекчиден маалым кат же сабактарда жок болгондугунун себеби жөнүндө ата-энесинен маалым кат алып келиши керек. Жүйөлүү себептерсиз сабактарды өткөрүүгө уруксат берилбейт.

1.5 Мектеп окуучулары улууларды сыйлашат кенже балдарды сыйлашат.

1.6 Мектептен тышкары окуучулар баардык жерде мектептин аброюун түшүрбөөсү зарыл.

2 Сабактагы жүрүм-турум

2.1 Мугалим класска киргенде окуучулар учурашат жана педагог учурашууга жооп берип,отурганга уруксат бергенден кийин отурушат.

2.2 Сабак учурунда башкаларды алаксытып,сабактан тышкары сүйлөгөнгө, кыйкырганга, мугалимдин уруксатысыз чыгып кетүүгө тыюу салынат.

2.3 Эгерде сабактарда окуучу класстан сыртка чыгуусу зарыл болсо анда ал мугалимдин уруксатын алууга тийиш.

2.4 Эгерде окуучу мугалимдин суроосуна жооп бергиси келсе колун көтөрөт.

2.5 Коңгуроо берилип,танапис болгон учурда гана окуучу сыртка чыгуусу мүмкүн.

3 Окуучулардын сабакка чейин,тыныгууларда жана окууну аяктаганда кийинки жүрүм турумдары.

3.1 Танапис учурунда окуучу төмөнкүлөргө милдеттүү.

-өз ордунда тазалыкты жана тартипти сактоого;
-класстан чыгып эс алууга;
-мектеп боюнча нөөмөтчүлөрдөн,мектеп кызматкерлеринин талаптарына баш ийүүгө;

Окуучуларга тыюу салынат:

-оюндар үчүн ылайыкталган эмес жерлерде ойноого ;
-бири-бирин түртүп, буюмдарды ыргытуу жана күч колдонуу;

3.2 Класс боюнча дежур окуучу;

-танапис учурунда класста болот;
-класста тартипти камсыз кылат;
-кийинки сабакка классты даярдоого мугалимге жардам берет;

3.3 Ашканадагы окуучулардын жүрүм -турум эрежелери;

-Мугалимдин жана ашкананын кызматкерлеринин талаптарына баш ийишет,
-Тамак учурунда тийиштүү тартипти сактайт ;
-Ысык жана суюк тамак алууда жана пайдаланууда көңүл жана этият болууга жардам берет.

4 Корутунду

4.1 Окуучулар мектептин аймагында болгон учурда жана мектептин иш чараларын өткөрүүдө өзүнө жана айланасындагыларга өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген иш-аракеттерди жасоого укугу жок;

4.2 Бул эрежелер мектептин территориясына жана мектеп тарабынан өткөрүлгөн бардык иш-чараларга жайылтылат.

4.3 Ушул эрежелерди жана мектеп уставын бузгандыгы үчүн окуучулар жоопкерчиликке тартылат.